УДК: 373.3: 37.0 (575.2) (04)
DOI 10.33514/1694-7851-2025-4/3-422-428

**Хидирова Ч.Х.**
доцент
И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети
Бишкек ш.
hidirova.75@mail.ru
**Бекмурза кызы А.**
магистрант
Эл аралык Кувейт университети
Бишкек ш.

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫНЫН ОКУРМАНДЫК ӨЗ АЛДЫНЧАЛЫГЫН КАЛЫПТАНДЫРУУДА САНАРИПТИК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН ОРДУ

**Аннотация.** Бул макалада башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык өз алдынчалыгын калыптандырууда санариптик технологиянын орду, мааниси жөнүндө сөз болот. Заманбап билим берүү санариптешүүгө өзгөчө басым жасалууда. Андыктан балдарды окутуп тарбиялоодо санариптик технологияларды туура колдонуу аркылуу эң жакшы натыйжаларга, ийгиликтерге жетишүү мүмкүнчүлүктөрү арбын.

Башталгыч класстардын окурмандык өз алдынчалыгын өнүктүрүүдө “BilimLand”, “Kundelik”, “Google Classroom”, “Бирге окуйбуз” ж.б.у.с. платформалар окуучуга өз алдынча окуу тапшырмаларын аткарууга, суроолорго жооп берүүгө шарт түзөт. Ал эми “Wordwall”, “Kahoot”, “Quizizz” платформалары санариптик оюндар аркылуу окуучулардын кеп байлыгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүдө натыйжалуу колдонулат. Мында балдар жаңы сөздөрдү, түшүнүктөрдү кызыгуу менен өз алдынча үйрөнө алат.

Интернет ресурстары аркылуу окуучулар каалаган темада маалымат издөө, кичинекей презентация жасоо, видео даярдоо көндүмдөрүн өздөштүрүшөт. Бул алардын ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын, өз алдынчалуулугун күчөтөт.

**Негизги сөздөр:** окурмандык өз алдынчалык, билим берүү методдору, салттуу методдор, санариптик технологиялар, жаңычыл методдор, жасалма интеллект, интернет платформалар.

**Хидирова Ч.Х.**
доцент
Кыргызский государственный университет имени И. Арабаева
г. Бишкек
hidirova.75@mail.ru
**Бекмурза кызы А.**
магистрант
Международный Кувейтский университет
г. Бишкек

# РОЛЬ ЦИФРОВЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В ФОРМИРОВАНИИ ЧИТАТЕЛЬСКОЙ САМОСТОЯТЕЛЬНОСТИ У УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНОЙ ШКОЛЫ

**Аннотация.** В статье рассматриваются роль и значение цифровых технологий в формировании читательской самостоятельности учащихся начальной школы. В современном образовании особое внимание уделяется к цифровизации обучения. Таким образом, существует множество возможностей для достижения наилучших результатов и успеха посредством грамотного использования цифровых технологий в образовании и воспитании детей.

Для развития самостоятельности чтения у учащихся начальной школы такие платформы, как “BilimLand”, “Kundelik”, “Google Classroom”, “Бирге окуйбуз” и другие, позволяют учащимся самостоятельно выполнять задания по чтению и отвечать на вопросы. В то же время, такие платформы, как “Wordwall”, “Kahoot”, “Quizizz”, эффективно используются для развития словарного запаса и навыков мышление учащихся посредством цифровых игр. Здесь дети могут с интересом и самостоятельно изучать новые слова и понятия.

Благодаря интернет-ресурсам учащиеся приобретают навыки поиска информаций по любой теме, создания небольших презентаций и создания видеороликов. Это развивает их мышление, мировоззрение и самостоятельность.

**Ключевые слова:** читательская самостоятельность, методы образования, традиционные методы, цифровые технологии, инновационные методы, искусственный интеллект, интернет платформы.

**Ch.Kh. Khidirova**
Associate Professor
Kyrgyz State University named after I. Arabaev
Bishkek c.
hidirova.75@mail.ru
**A. Bekmurza kyzy**
master's student
International Kuwait University
Bishkek c.

# THE ROLE OF DIGITALTECHNOLOGIES IN DEVELOPING INDEPENDENT READING SKILLS IN PRIMARY SCHOOL STUDENTS

**Annotation.** The article examines the role and significance of digital technologies in the formation of reading independence among primary school students. In modern education, special attention is paid to the digitalization of learning. Thus, there are many opportunities to achieve the best results and success through the proper use of digital technologies in education and upbringing of children.

To develop independent reading skills in primary school students, platforms such as “BilimLand”, “Kundelik”, “Google Classroom”, “Birge okuybuz”, and others allow students to independently complete reading tasks and answer questions. At the same time, platforms such as “Wordwall”, “Kahoot”, and “Quizizz” are effectively used to develop students’ vocabulary and thinking skills through digital games. Here, children can learn new words and concepts with interest and independence.

Thanks to the Internet resources, students acquire the skills of searching for information on any topic, creating small presentations and creating videos. This develops their thinking, worldview and independence.

**Keywords:** reading independence, methods of education, traditional methods, digital technologies, innovative methods, artificial intelligence, Internet platforms.

Окуучулардын окурмандык өз алдынчалуулугун калыптандыруу - билим берүүнүн негизги максаттарынын бири. Айрыкча башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык өз алдынчалыгын калыптандыруу билим берүүнүн жана билим алуунун негизи, ойду өнүктүрүүнүн, дүйнө таанымдын жана чыгармачылыктын пайдубалы болуп эсептелет. Илим жана техника өнүккөн бүгүнкү замандын шартында бул жараянды натыйжалуу уюштурууда санариптик технологиялардын ролу абдан чоң. Анткени санариптик каражаттар окуучунун кызыгуусун арттырып, окурмандык ишмердүүлүгүн активдештирет. Экинчиден, азыркы учурда санариптик технологиялар баарына жеткиликтүү жана мүмкүнчүлүктөрү кеңири. Үчүнчүдөн, санариптик технологиялар окуучунун өз алдынча билим алуусуна мотивация боло алат.

Окурмандык өз алдынчалык деген эмне? Окурмандык өз алдынчалык - бул окуучунун китеп же текст менен өз алдынча иш алып баруу, мазмунду түшүнүү, баамдоо жана өз оюн айтуудагы жөндөмдүүлүгү [1, 2, 7]. Башталгыч класстарда бул жөндөмдү калыптандыруу төмөнкүдөй көндүмдөр аркылуу жүзөгө ашат:

- текстти шар окуу;
- текстти түшүнүп окуу;
- маанилүү маалыматты бөлүп көрсөтүү;
- ой жүгүртүү;
- анализдеп талдоо жана баалоо;
- окууга болгон кызыгуусун сактоо.

Бул көндүмдөр окуучунун ар дайым ийгиликтүү билим алуусуна негиз түзөт.

**Балдарга билим берүүдө активдүү колдонулган окутуунун салттуу методдору: т**үшүндүрүү, окутуу, суроо-жооп, аңгемелешүү, көнүгүү иштөө, талдоо жүргүзүү, анализдөө жана синтездөө, жазуу иштерин жаздыруу, оюн усулу ж.б.; интерактивдүү методдор (сурамжылоо, кроссворд, тест), креативдүү методдор, окшоштуруу, салыштыруу, техникалык каражаттар ж.б.[6, 9].

Азыркы кезде билимберүүдө санариптик технологиялар, интернет браузерлер (google, chrome, гугл почта, meet, you tube, tik-tok...); жасалма акыл платформалары (akylai, bing.com, Copilot, Gemini, Perplexity.ai, OpenAI, Gamma.app, slidesgo.com., Gencraft.com, getimg.ai, woxo.tech, D-id.com ж.б.); сайттар: mamtil.kg, Bizdin.kg, Okuma.kg, Kitep.kg ж.б. кеңири мүмкүнчүлүктөргө жол ачып келет [9].

Окурмандык өз алдынчалыкты өнүктүрүүдө төмөнкүдөй санариптик технологияларды колдонуу артыкчылыктарды берет:

- интерактивдүү китептер;
- аудио-видео материалдар;
- электрондук китептер;
- аудио жомоктор, ырлар, аңгемелер;
- видео сабактар.

Мисалы, жомокторду угуу же мультимедиялык окуу китептерин колдонуу баланын элестетүү жөндөмүн күчөтөт.

Башталгыч класстардын окурмандык өз алдынчалыгын өнүктүрүүдө “BilimLand”, “Kundelik”, “Google Classroom”, “Бирге окуйбуз” ж.б.у.с. платформалар окуучуга өз алдынча окуу тапшырмаларын аткарууга, суроолорго жооп берүүгө шарт түзөт. Ал эми “Wordwall”, “Kahoot”, “Quizizz” платформалары санариптик оюндар аркылуу окуучулардын кеп байлыгын, ой жүгүртүүсүн өстүрүүдө натыйжалуу колдонулат. Мында балдар жаңы сөздөрдү, түшүнүктөрдү кызыгуу менен өз алдынча үйрөнө алат [2, 3, 5].

Интернет ресурстары аркылуу окуучулар каалаган темада маалымат издөө, кичинекей презентация жасоо, видео даярдоо көндүмдөрүн өздөштүрүшөт. Бул алардын ой жүгүртүүсүн, дүйнө таанымын, өз алдынчалуулугун күчөтөт.

Бирок, албетте, башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык өз алдынчалыгын калыптандырууда ата-эне жана мугалим көзөмөлдөп, багыт берип, текшерип, жардам берип туруусу негизги шарттардан болуп саналат. Анткени кенже курактагы бала али ойноок, оюу, көндүм адаттары калыптана элек, эмне жакшы, эмне жаман, эмне пайдалуу, эмне пайдасыз экендигин ажыратып биле элек болот [1, 4, 5].

Санариптик технологиялар өнүккөн азыркы доордо балдардын окурмандыгын 3-4 жашынан тартып эле өстүрүүгө көңүл буруу зарыл. Анткени ушул курагтан тартып эле балдар телефон талашып, андан ар түрдүү маалыматтар көрөт. Такыр бербей коё албайсың, андыктан телефондон баланын дүйнө таанымын өстүрүүчү, кебин өнүктүрүүчү оюндарды, жомокторду, мультфилмдерди, видео тасмаларды көрсөтүү керек. Ата-эне пайдалуу сайттар, платформаларды билиши кажет. Ушул жерде баса белгилеп айтар дагы бир сөз, эң оболу эне тилиндеги маалыматтарды, оюндарды көбүрөөк көрсөтүүгө көңүл буруу зарыл. Ар башка тилдердеги оюндарды көрө бергендиктен, азыркы балдардын тилинин чыгышы кыйындап жатат. Же башка тилде чыгып, эне тили акцент менен кечигип чыгып калууда. Бул өтө олуттуу маселе, коомдук көйгөй. Мындай маселелерге көңүл кош мамиле жасоо - кыргыздын келечегине балта чабууга тете.

Андыктан мугалим санариптик каражаттарды туура тандап, окуу процессине максаттуу интеграциялашы керек. Санариптик технологияларды колдонууда мугалим төмөнкүлөргө көңүл буруусу зарыл:

- окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алат;
- маалымат коопсуздугуна көңүл бурат;
- санариптик сабаттуулукту өнүктүрөт;
- окурмандык мотивацияны сактайт.

Бул милдеттер ата-энелерге да тиешелүү. Окуучунун окурмандык өз алдынчалыгын арттырууда жана калыптандырууда негизги кыймылдаткыч күч дал ошол ата-энелер болот. Алар күн сайын мугалимдин берген тапшырмаларын өз баласынын канчалык деңгээлде аткаргандыгын көзөмөлдөп, жардам берип туруусу жакшы жыйынтыктарды берет. Мындан сырткары ата-эне балага бардык шарттарды түзүүгө аракет кылуусу жана баланын окуусуна түздөн-түз жардам бериши керек. Мугалим жана ата-эне балдар кандай китептерге кызыгарына анализ жүргүзүүсү абзел.

Белгилүү педагог С.Рысбаев “Бүгүнкү балдар үчүн китептер кандай болуусу абзел жана кандай педагогикалык кызматтарды аткаруусу керек?” деген суроого төмөндөгүчө жооп берген:

-балдардын курагына жана курактык психологиясына жараша болушу;

-балдардын түшүнүгү менен тилине туура келиши;
-ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүчү;
-окурмандык кызыгуусун ойгото алуусу;
-турмуштук көз карашын өзгөртүүсү, ишенимин бекемдөөсү;
-тил корун байытып, кебин өстүрүүсү;
-сүйлөшүү жана мамиле маданиятына үйрөтүүсү;
-өзүн-өзү өнүктүрүп, ички дүйнөсүн байытуусу;
-баланын балалык дүйнөсү ачып, мекенчил кылып тарбиялоочу, адеп- ыйманга үйрөтүүчүмүнөздө болушу;
-дүйнөнү таанытып, көз карашын, жеке пикирин бекемдөөчү;
-интеллектин калыптандыруучу;
-кыял чабытын, фантазиясын байытуучу;
-улутун таанытуучу, улуттук аң-сезимин түптөөчү;
-жана да, бүгүнкү кыргыз баласынын жаңы үлгү образын чагылдыруусу керек. Андай китептердин адабий да, этикалык-эстетикалык да, педагогикалык да баалуулугу жогору болуусу кажет.

Демек, баланы китепке жакындатуу үчүн, тескерисинче, китепти балага жакындатуу тууралуу ойлонуубуз кажет.[7]

Башталгыч класстардын окурмандык өз алдынчалуулугун калыптандырууда төмөнкүдөй практикалык ыкмалар сунушталат:

1) Ар жумада электрондук жомок угуу жана талкуу жүргүзүү;
2) Онлайн викториналар аркылуу окуган текстти текшерүү;
3) “Менин сүйүктүү каарманым” аттуу эссе жаздыруу же аңгемелешүү уюштуруу;
4) “Китеп окуу күндөлүгүн” жүргүзүү;
5) Бир айда бир кызыктыруучу сыйлыктарды уюштуруу.

Кичинекей окурмандын өз алдынча «китеп окуу күндөлүгүн» кандайча уюштурса болоруна токтоло кетсек. Китеп окуу күндөлүгүндө окуучунун, тактап айтканда, кичинекей окурмандын кайсы жылы, кайсы чейректе, кайсы айда, кайсы автордун кандай чыгармасынын окугандыгы, ал чыгарма эмне тууралуу экендиги жана сүйүктүү каармандары кимдер же эмнелер экендиги кыскача чагылдырылып турат.

Күндөлүктүн төмөндөгүдөй иш-аракеттерди өзүнө камтыйт. Мисалы:
- качан кандай китеп окугандыгын каттоо;
- чыгарманын авторун эске тутуу;
- китептин жанры жана тематикасы кандай экендигин тактоо;
- китептип чакан мазмунун малымдоо;
- чыгарманын каармандарын эстеп калуу жана аларды мүнөздөп берүү;
- жыл ичинде канча чыгарма окугандыгын эсепке алуу ж.б.

Окурмандын күндөлүк менен иштөөсүн мугалим мезгил-мезгил менен чейректе же айларда текшерип, көзөмөлдөп турса, жакшы натыйжа берет. Себеби, мугалим же класс жетекчи мектептин китепканачысы менен да байланышта иштөө аркылуу окуучулардын өз алдынча китеп окуусунун жыйынтыгын жыл аягында чыгарып, окурмандар клубунда ой бөлүшүү, класстын же мектептин мыкты окурманын табуу, алар тууралуу стенддерди уюштуруу, мектептин дубал гезиттерине чагылдыруу, диспуттар менен викториналарды өткөрүү, аларга баалуу белектерди уюштуруу сөзсүз максатка ылайык келмек.

Кыргыз педагогикасында жогоруда айтылган окурмандын күндөлүгүн төмөнкүдөй үлгүсү сунуш кылынган [7].

**«Мыкты окурмандын күндөлүгү»**

Баланын аты – жөнү______ классы______жылы_____

| № | Чейректер, айлар | Окуган китептин автору, аталышы | Китептин кыскача мазмуну | Каармандары жана алардын кыскача мүнөздөмөсү |
|---|---|---|---|---|
| 1. | 1-чейрек | Тоголок Молдо, «Абышка кемпирдин көмөчү» | Абышка-кемпирдин кеңеши, кемпир көмөч жасап бышырышы, экөөнүн кесирдигинен көмөчтүн качып кетиши. Көмөчтүн адегенде уйчулар менен койчуларга барышы, акыры мактанып жүрүп, куу түлкүгө жем болушу. | Абышка – кемпирдин кесирдиги, түлкүнүн куулугу, көмөчтүн мактанчаактыгы. |
| 2. | 2 - чейрек | «Күч бирдикте» жомогу. | Акылман карыя тогуз баласын сынагысы келиши, аларга бир боо табылгыны бериши. Балдар тогуз табылгыны бүтүндөй сындыра албай, бирден бергенде сындырганы, ошондо абышка балдарына акылдуу, ынтымактуу жана биримдикте болгула деп насаат айтканы. | Акылман карыя, анын тогуз баласынын ынтымаксыздыгы, акыры атанын акылынан кийин ынтымактуу жана биримдикте болууга үйрөнүшү ж.б. |
| 3. | 3-чейрек | | | |
| 4. | 4-чейрек | | | |

Мындай жолдор жана уюштуруу иштери сөзсүз түрдө кенже класстардан тартып китеп окуучулардын окурмандыгын калыптандырууга өбөлгө болуусу ыктымал.

Жыйынтыктап айтканда, башталгыч класстын окуучуларынын окурмандык өз алдынчалуулугун калыптандырууда санариптик технологиялардын ролу өтө чоң жана маанилүү курал, булак болуп саналат. Ал окуучунун окууга болгон кызыгуусун арттырып, өз алдынча иштөөгө, ой жүгүртүүсүн өнүктүрүүгө, маалыматты издөө жана талдоо көндүмдөрүн бекемдеп, калыптандырууга өбөлгө түзөт. Мугалим жана ата-эне бул мүмкүнчүлүктөрдү натыйжалуу колдонсо, ар бир бала, ар бир окуучу замандын талабына жооп берген, билимдүү жана өз алдынча ой жүгүртө билген жана өз көз карашын түшүндүрүп айта алган инсан катары калыптанат.

**Колдонулган адабияттар.**

1. Абдухамидова, Б.А. 3-класста адабий окуу предметин окутууга карата мугалимдер үчүн методикалык колдонмо [Текст] / Б.А.Абдухамидова, К.Ибраимова, С.К.Рысбаев. – Б.: 2012. – 136 б.
2. Абуева Г. Формирование читательской грамотности учащихся на основе цифровых ресурсов. – М.:– 2025.
3. Алиева Б.М., Абдиллаева М.М., Абрахманова А.М. Окуучулардын коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруу жолдору. Аймактык билим берүү институтунун илимий журналы. – Бишкек. – 2022.
4. Алимова М. Китеп окубаган жаштарга кантип келечекти ишенебиз? // https://www.bbc.com/kyrgyz/learning_english/2014/02/140218_book
5. Бакай Е.А., Юсупова Э.М., Антипкина И.В., Цифровое тестирование смыслового чтения обучающихся начальной школы: анализ индикаторов поведения. 2024.
6. Музулманов М.У. Мектепте кыргыз адабиятынан класстан тышкаркы окууну уюштуруунун жана өткөрүүнүн методикасы. Канд.дисс. – Ош. 2020.
7. Рысбаев С. Баланын китеп окуусун уюштуруунун технологиялары. Башталгыч класстардын мугалимдери үчүн методикалык колдонмо. – Б.: 2015.
8. Турусбеков С., Бердибаев Э., Рысбекова Б., Сартбаев К. Башталгыч класстарда кыргыз тилин окутуунун методикасы. – Ф.: Мектеп, – 1965.
9. Хидирова Ч.Х. Кыргыз тилинин орфографиялык эрежелерин жаңы технологиялар менен окутуу: артыкчылыктар жана көйгөйлөр. // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. 2025. 1\1. – 788-796-б. // https://www.elibrary.ru/author_items.asp?authorid=1313942
10. Хидирова Ч.Х., Раимберди кызы Г. Башталгыч класстарда тил өнүктүрүү: зат атоочту окутуунун өзгөчөлүктөрү. // И.Арабаев атындагы КМУнун жарчысы. 2025. 2\3. – 636-642-б.
11. Чокошева Б.С. Башталгыч класстарда кыргыз тилин текстке байланыштуу окутуунун технологиясын моделдештирүү. Педагогика илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертация. – Бишкек- 2017.


**Рецензент: филология илимдеринин кандидаты, доценттин м.а. Мырзатаева Б.С.**